

САЯКБАЙ
КАРАЛАЕВ

# ТУЛПАРЛАР



САЯКБАЙ
КАРАЛАЕВ



# ТУЛПАРЛАР

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ . 1965

**Сүрөтүн тарткан**
**Б. ЖУМАБАЕВ**

## АККУЛА

Аккула жайы ушундай,
Байтал бээнин кулуну.
Кара жылкы дулдулу,
Чаткаягы чаткалдай,
Соорусуна тулпардын
Ордо атышып жаткандай.
Көөдөнүнүн кеңдиги
Өндүр булак өзөндөй,
Жорткондун жолу болгондой,
Капталынын кеңдиги
Тиксе боз үй конгондой.
Көкүлүнүн сонуну
Көзгө ченеп сүйгөндөй,
Байкап көргөн баатырлар
Менин атым болсо деп,
Кызыгып ар ким жүргөндөй.

Арпаны жара чайнаган,
Асыл көзү жайнаган.
Күрүчтөн күрмө жем берген,
Сайышка минсе демденген.
Адырга салса арыбайт,
Алтымыш асый болгуча,
Азуу чалып карыбайт,
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Буудан шерди көтөрүп·
Бурулбастан чураган.
Буудандыгын билген соң,
Пул берип дөөлөр сураган.
Сураганга бербеген,
Беренден башка минбеген.
Алтай алыс жол жүрсө,
Эр кыйналып, мол жүрсө,
Айгай чууга чыдаган.
Басып өтсө кара таш
Талкан болуп быркырап,
Жолум үйдөй даңканы,
Арстан Манас атаңдын,
Төбөсүндө чыркырап.
Басып өткөн кара жер,
Кол арык болуп жоюлган,
Туягы туура тийген жер,
Кемер болуп оюлган.
Араандай оозу ачылган,

Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылган.
Таамай жолго бет алса,
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап,
Кагышкан жоого бет алса,
Тизгин жулкуп, баш чайкап·
Учуучудай баштаган,
Кап тоосундай чоң Манас,
Катуу чуркап булкунса,
Учуп кете таштаган.

## САРАЛА

Алмамбеттин Сарала
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Келишимдүү чоң буудан,
Жото жилик жоңгондой,
Соорусунда үч кошкон
Казан асса баткандай,
Артык тулпар Сарала.
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин бууданы,
Кулан менен куушкан,
Коңурбайдын Алгара
Тулпар менен туушкан,
Кайып бээнин баласы,
Кандиктүү тулпар Сарала,
Мунун тулпарлыгын карачы.
Керишке минсе кебелбейт



Чалгынга минсе чарчабайт,
Баш салып чөптү чайнабайт.
Улуу дууну көргөндө
Оздук чайнап булкунган,
Ой-чуңкурду ылгабай,
Алдыга карай жулкунган.
Тулпарлыгы билинген,
Тотудай куйрук чубалган,
Көргөн адам кубанган.
Алмамбет менен Сарала,
Экөө бир күн туулган,
Бармактайда баш кошуп,
Кенедей күндө кезиккен.
Алмамбет минип жол жүрсө,
Алыска сапар мол жүрсө,
Душман каптап дуу болсо,
Чаалыгып-чарчап, койбогон,
Найза сунса душманга
Арыш керип ойногон.
Чылбыры тутам калгыча
Чын кырсыкка чалдырбас,
Жолдошун жоого алдырбас·
Канаттуу тулпар Сарала,
Кадимки тулпар момундай,
Көкүлү сонун, жалы артык,
Айбандан артык жаныбар.
Мүшкүлдүү жоого бет ала,
Мылтык атып, жаа тартып,

Тынбай найза көтөрсө,
Арыш керип алганда,
Адыр калган, чөл калган,
Аны минген адамдын
Умаштай көзү ачылган,
Көңүл гүлдөп басылган,
Туякты жерге булгуган,
Онбул, домбул чуркаган,
Бу Сарала буудандын,
Көркү ушундай болуучу.

## КӨКТУЛПАР

Бакай кандын тулпары
Кулагын чууга жапырган,
Чаңды асманга сапырган,
Ташка салса тайбаган,
Айгай укса шашпаган,
Төрт бутун ката баспаган.
Көркөмдүү тулпар зэри бас,
Чөлгө минсе чөлүкпөс,
Тар жерге минсе талыкпас.
Кабыргасы каржайган,
Сопол куйрук, сом туяк,
Буура көкүл, капкан бел,
Айгайлаган чуу болсо,
Жеке чыгат жарыштан.
Найзага ыктуу Көктулпар,
Топту жарып жойлогон,



Маңдайлашкан жоо келсе,
Түк жалтанып койбогон.
Санга кирсе бөлүнгөн,
Үстүндө Бакай найза алса,
Сан колдой түрү көрүнгөн.
Жибектей куйрук чубалган,
Байласа тынчып турбаган,
Тоолу жерге токтогон,
Тогуз дөбө оттогон.
Байкап турган адамдар,
Мүчөсүн көрүп кубанган,
Ары күлүк, ары тынч,
Менин атым болсо деп,
Көргөн жандар кызыккан.
Илгеркисин сурасаң,
Жалдуу кызыл, жалдуу көк,
Жайнап турган Көктулпар
Жаман атты болуптур,
Таалай-бактан тайыптыр,
Жайдыр-кыштыр ээр түшпөй,
Кырчаңгы кыйын чалыптыр,
Кырсык басып алыптыр.
Жакшы атагы оңуптур,
Жал-куйруктан айрылып,
Көк чолок атка конуптур,
Айбандан мыкты ал тулпар
Жаман атты болуптур.
Көкчолокту койгулап,

Төө кайтарат зор Бакай.
Амал кетип, чоло жок,
Көп кайтарат зор Бакай.
Аманат жанын тепкилеп,
Кыйнап жүрөт зор Бакай.
Айкөл Манас өлбө деп,
Ыйлап жүрөт зор Бакай.
Букардан келсе Семетей,
Кайра тулпар жаңырып,
Тилеген тилек табылып,
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Башка болор Көктулпар.

## КӨКАЛА

Эр Чубактын Көкала
Эл өөдөгө тартканда,
Бетеге араң толгондо,
Ат кара тил болгондо,
Кайыбынан кабылган,
Ач айкырык Чубакка
Белендүүнүн белинен,
Эл барбастын жээгинен,
Тогуз жолдун тоомунан,
Эл баспастын оозунан,
Кулунунда табылган.
Кунанында кур жүрүп,
Быштысында бычтырган.
Асыйында ат болгон,
Сураган адам жат болгон.
Башына үкү тактырган,



Бирөөнүн тили тиет деп,
Ардактатып бактырган.
Колу коло болот деп,
Колот жерге үйрөткөн,
Кокустан ойнок болот деп,
Мойнуна чылбыр сүйрөткөн,
Адырга багып, тоого өскөн,
Бурулушка барганда,
Булуттай ыргып чуркаган,
Буудан жылкы экен деп,
Көргөн сынчы сураган,
Абайдан жабуу жаптырган,
Көзү ачык Кошой жактырган.
Эрге ылайык тулпар деп,
Атакеси Акбалта,
Берен Чубак уулуна,
Энчилетип бактырган.
Ай караңгы бүркөөдө,
Тоого минген Көкала,
Өпкө тешип, баш кескен,
Жоого минген Көкала,
Акбалта уулу мингенде,
Тартып оозун бурганда,
Жоо келсе найза сунганда,
Ак марал кууса уй кылган.
Азаптуу жоону буй кылган,
Атышка минген Көкала.
Көркөмү кызык жаныбар,

Көрсөң кызык Көкала,
Кабыргалуу казан ат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Көкүлү бөлөк, жалы алтын
Каршы чыккан душманга
Чубактан башка ким минет.
Баатырлар минчү буудан деп,
Кадырын бүткүл журт билет,
Мунун көркөмү мындай болучу.

## КӨКЧЕБИЧ

Эр Сыргактын Көкчөбич,
Мүчөсүн көрсөң тептегиз.
Бу да тулпар, жел кайык,
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт.
Чу дегенде тулпардын
Тулпарлыгы билинген,
Көз жетпеген аң келсе,
Бура тартпай түйүлгөн.
Изин жаза баспаган,
Тайгаланбай бийиктен
Такыр жери кем эмес,
Тоодо жүргөн кийиктен.
Бул жаныбар Көкчебич,
Телегейи тептегиз,
Чыканактап калбаган.



Чындап мүшкүл иш көрсө,
Чымчып өтсө чалбаган,
Өндүрдөп суусун албаган,
Мунарык күйгөн чок келсе,
Бурулбай тийген ок келсе,
Жалтанып шашып койбогон,
Сан колго Сыргак кол салса,
Булуттай учуп сойлогон,
Айлап, жылдап жүрсө да,
Чаалыгып, чарчап койбогон.
Душмандын жолун бүтөгөн,
Жер жарылган дуу-дууда
Күндөп-түндөп күчөгөн,
Туу куйругун чубаган,
Тунук тулпар экен деп,
Чубут сынчы сынаган.
Алтын, күмүш артсак деп,
Эсен Ханга тартсак деп,
Асылып жатып сураган.
Ашка-тойго минсек деп,
Кылтылдатып жүрсөк деп,
Арап чөпкө семиртип,
Ооздугун кемиртип,
Ээлендирип жулкунтуп,
Эр өлгөндөй булкунтуп,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Алакаганда карышып,
Учкан куш менен жарышып,

Минбей турган мал бекен.
Түпөктүү найза колго алып,
Кан төгүлгөн кагышта,
Берендер минер мал экен.
Бек сынчылар жактырган,
Берен Сыргак балага,
Бек жактырып бактырган.
Берениңдин Көкчебич,
Белести чалып жоо билген,
Белгилүү тулпар Көкчебич.

## КАРТКҮРӨҢ

Ажыбайдын Карткүрөң,
Шамалдай чуркап түйүлгөн,
Тулпарлыгы билинген,
Алтын нокто тактырган,
Ардактатып бактырган,
Кыл куйругун чубаган,
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Кыйын мүшкүл жер болсо,
Мына ушуга чыдаган.
Айгыр коюп, ат бычкан,
Анык тулпар Карткүрөң,
Айгай укса шашпаган,
Эң коркунуч кыстоодо,
Бир изинката баспаган,
Алыска минсе арыбайт,
Алтымыш асый болгуча,



Азуу жалап карыбайт.
Назар түмөн жылкынын
Астына түшсө баштаган,
Канбар ата Карткүрөң,
Үч кубулган жүнү бар,
Куюндай күлүк жаныбар,
Толгоп куйрук чубаган,
Чөлгө минсе чыдаган,
Ташка салса тайгылбай,
Кайып сындуу жойлогон,
Күндөп-түндөп жол тартса,
Чарчаганда ойногон,
Суук укурук салбаса,
Мингенин жоого чалдырбас,
Чылбыры тутам болбосо,
Мүшкүлгө ээсин алдырбас.
Казан ат тулпар Карткүрөң
Үстүнө адам мингенде,
Душман беттеп жүргөндө,
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Жетимиш уруу тил билген,
Карткүрөң ээси Ажыбай,
Булут минген нелидей,
Кайра тартпайт барыштан.
Байлап койсо токтобой,
Окуранып жер чапчып,
Үстүнө арткан жүгү жок,

Айтайын десе тили жок,
Касиеттүү Күрөң ат,
Улама сөздө жалган жок,
Карткүрөң минип жоого кир,
Найза алган эрде арман жок,
Карткүрөң эрдин канаты,
Ат бороюн сыдырган,
Карткүрөң менен Ажыбай,
Төгөректүн төрт бурчун,
Төрт айлана кыдырган.

## АЛКАРА

Коңурбайдын Алкара,
Тулпар бээнин кулуну,
Төрт буттуунун куюну,
Куйругу саян, жалы аз,
Кулан кууса куткарбас,
Туяктын түбү көпкөк таш,
Алышкан жоого болгон маш.
Артык тулпар Алкара,
Аны минсе Коңурбай,
Чаалыгып чарчап койбогон,
Тоо башы менен ойногон,
Кырк ашууда кыйналбас,
Коңурбайдын Кара аты,
Кара атынын бар эле,
Капталында канаты.
Акылынан шашканда,



Алакең жоодон качканда,
Тулпар сыры момундай,
Эңкейишке киргенде,
Ээн өлгөн чоң Кара ат,
Эликтей колу сайылган,
Өр таяна бергенде,
Жал куйругу жайылган,
Төрт буттуунун күлүгү,
Жортуулга чыгып жол жүрсө,
Бетеге отоо чалбаган,
Өндүрдөн суусун албаган,
Чу дегенде жайнаган,
Кара болот ооздук
Карсылдата чайнаган.
Туягында тура жок,
Туура тулпар Алкара ат,
Чү дегенде зыргыган,
Алачыктай чоң даңкан
Төбөсүнөн ыргыган.
Айбан өңдүү шашпаган,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан аттаган.
Эти кызып алганда,
Чулгуп ооздук бербеген,
Чү койгондо бөлүнгөн,
Катуу эти кызыса,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого төгүлгөн.

Кулан кууса жаныбар
Мындай-мындай бурбаган,
Байлап койсо мамынын
Башын кыркып турбаган.
Туягы туура тийгенде,
Ташты басса кыйраган,
Артык тулпар экен деп,
Өңкөй сынчы сынаган.
Муну минип Коңурбай,
Кылайган арман кылбаган.

## ТАЙБУУРУЛ

Кең кашкардын ар жагы,
Көөнө Турпан чоң борбор,
Лоб дайрада туулган,
Ал Тайбуурул жаныбар,
Кулан менен куушкан,
Кыз Сайкалдын Алкара,
Тулпар менен туушкан.
Чөлгө туулуп, ташка өскөн,
Кайыптан бөлөк башка өскөн,
Карача кандын Сайкалы
Тай кезинде Буурулду,
Тартуурга берген мал экен,
Оозун ачып караса,
Ууру тиши бар экен,
Касиеттүү Каныкей
Ууру тишин кактырган,



Бороон күптү болот деп,
Абай менен жаптырган.
Көз, тил тийип кетет деп,
Жан көрбөс жерге бактырган.
Көрүнө буудан экен деп,
Көзү ачык сынчы сынаган,
Асыйында буурул ат,
Ар ким көрүп жактырган,
Мойнуна тумар тактырган,
Батадан бүткөн Семетей,
Энчилетип бактырган,
Аккула окко учканда,
Алмамбет шейит кеткенде,
Өлчөөсүз мүшкүл иш көрүп,
Өлөт деп Манас турганда,
Коргошундай Манасты
Койбой алып көтөргөн,
Опол тоодой Манасты,
Ойноп алып, жол тарткан.
Мунун буудандыгын билгенде,
Пуддап алтын зер берип,
Букардын каны сураган.
Ач буудан деп аталган,
Көз үстүндө көкүлү,
Көзүнө ченеп түйгөндөй,
Буура көкүл, капкан бел,
Желиши сырттын желиндей,
Үстүнө адам мингенде,

Кап тоосунун белиндей,
Эки буттун ортосу
Капчыгайлуу колоттой,
Маңдайында кашка тиш
Таптап койгон болоттой.
Жото жилик жонгондой,
Жорткондун жолу болгондой.
Үч кошкондун чуңкуру
Казан азса тургандай.
Буудан, буурулдун жайы момундай.

## ТАЙТОРУ

Калк атасы карыя
Кары Кошой абаңыз,
Кармаш кылып жүргөндө,
Асыйында Тайтору
Алышка минген мал экен.
Күйүп жаткан кызыл өрт,
Чокко минген Тайтору.
Кайнаган ысык чөл көргөн,
Кабагы бийик тоо көргөн,
Ашуу ашып, таш баскан,
Анык тулпар Тайтору.
Каралуу калып Каныкей,
Ок өтпөстү кийгизип,
Аса кылып Манаска
Ок жетпеген тулпар деп,
Тайторуну Каныкейге мингизген.



Таластан качып тентиреп,
Көзүнүн жашы мөлтүрөп,
Абам Кошой карыя
Асага берген малым деп,
Анык тулпар ушу деп,
Алтымыш асый кези деп,
Кулжа мойнун төгөрөк,
Туягында тура жок,
Туура тулпар экен деп,
Күрүчтөн күрмөк жем берип,
Күндө терин алыптыр,
Арпадан асыл жем берип,
Айда терип алыптыр.
Ошо кезде Тайтору,
Баскан жерин жемирип,
Ооздугун кемирип,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Чын этине келгенде,
Туягын жерге мыкчытып,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карышып,
Булчуң эттин баарысы,
Сөөгүнө жабышып,
Кыпкызыл болуп, көз жайнап,
Качыратып тиш кайрап,
Тайтору аттын сыны бул;
Сай салып жүнү бөлүнүп,
Чуркаар түрү көрүнүп,

Каныкейдин көзүнө
Кап тоосундай көрүнүп,
Аркалаган буудан деп,
Атам Кошой карыя
Асага берген буудан деп,
Төлгө кылган Тайтору.
Тулпарлыгын көргөн соң,
Аркайган тиги Ала-Тоо,
Жерди кудай көргөзсө,
Ак калпак кыргыз, мураа журт,
Элди кудай көргөзсө,
Бир жакшылык туур деп,
Ушу бүгүн Тайтору
Жесирлик күндү жуур деп,
Мөрөйгө чаап байге алган,
Букардагы коргондо
Алтымыш асый болгондо,
Коо бузуп байге алган,
Жер жарылып дуу болгон,
Асман жарган чуу болгон,
Кырсык чечип, көздү ачкан,
Тайторунун сыны ушул.

## СУРКОЁН

Күлчоронун Суркоён,
Жети сууну жердеген,
Жарыш кылган жер менен,
Аркасы бийик, зээри зор,
Күлүктүгү бир башка,
Маңдайында тумарча,
Көркөмдүү күлүк, көй кашка,
Төгөрөк туяк жылкыдан
Күлүктүгү бир башка,
Болот така кактырган,
Болумдуу күлүк экен деп,
Жодур чал сынчы жактырган.
Туу куйругу туура алтын,
Кээде жибек, кээде кыл,
Олбуй, солбуй камчы уруп,
Оң, тетири теминсе,



Койдой эти бөлүнгөн,
Коёндой жону түзөлүп,
Араандай оозу ачылып,
Бүрүшүп калган туягы,
Жолум үйдөй жазылган,
Жардан жалт деп койбогон,
Дарыя кечсе ойногон,
Көк болоттой дат алган,
Көлдү айланып, көп кечип,
Көнүп калган Суркоён.
Күркүрөгөн дайранын
Агынын көздөй маталган,
Алтын така, күмүш мык,
Төрт бутуңда жаркылдап,
Басып чыккан жорголоп,
Булгаары тердик көк токум,
Бурчунан суусу тамчылап.
Чөлгө салса ээликкен,
Мээ кайнаган ысыкта,
Тайгылып, тайып баспаган,
Күүлөнгөндө баш бербей,
Тарттырбастан дыркырап,
Туякка тийген катуу таш,
Талкан болуп быркырап,
Арышы арбын ачылган,
Аны минген Күлчоро
Дерт — кумардан жазылган,
Умачтай көзү ачылган,

Канатым экен буудан деп,
Капа-чери жазылган.
Айкырып найза сунушса,
Булуттай учуп бойлогон,
Канча дөө менен кагышса,
Бели ийилип койбогон,
Белгилүү тулпар, Суркоён.
Найза сунса кылт койгон,
Кагышып жүрүп катыккан,
Суркоён деп атыккан.

## КӨКАЛА

Ал Көкчөнүн Көкала,
Аркасы бийик, бою пас,
Адырга салса оюлбас,
Чалгынга минсе чаалыкпас,
Аркар аяк, жез билек,
Жел кайыктын өзү ошол,
Бөрү кууса бурбаган,
Тебелеп басып жок кылбай,
Бөрүгө жетпей тынбаган.
Адырга чыгып оттогон,
Өрттөн-суудан коркпогон,
Көп өнөр менен жүгүргөн,
Көкала тулпар экен деп,
Көп жерге даңкы билинген.
Аңгектен ала качпаган,
Дубалдан кайра тартпаган,



Туягы порум, жалы алтын,
Туура тулпар Көкала.
Омуртка сөөгү аркайып,
Кабыргасы каржайган,
Дууга салса чыдаган,
Чөлгө салса чөлүкпөй,
Кыл куйругун сүдүргөн,
Ары жорго, ары тынч,
Менин атым болсо деп,
Ар кимдин ичин күйдүргөн,
Найзалашкан сайышта,
Байге тиккен дуу болсо,
Так ошого мингизген,
Көкаланын күлүгүн
Көп адамга билгизген,
Ыргытып көкүл каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап,
Тизгин жулкуп идерип,
Жерди чапчып токтобой,
Окуранып жиберип,
Ойкуштаган Көкала,
Түрү жүзгө бөлүнгөн,
Казана тулпар экен деп,
Калк көзүнө көрүнгөн.
Жаралган жылкы куюну,
Өзү Сарарканын кулуну,
Булуттай ыргып чубаган,

Буудандыгын билгенде,
Казак калкы сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак бууданды,
Бейдаарат киши минбеген.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Асемдетип бактырган,
Болоттон така кактырган,
Болумдуу тулпар экен деп,
Көргөндүн баары жактырган.

## ЧАЛКУЙРУК

Чалкуйрук жайын айтайын:
Куйругу менен жалы бар,
Адамдан эстүү жаныбар.
Кор кармабай адамдын
Адамдыгын билиңиз.
Аялдын тону дебесең
Чайингини кийиңиз.
Аялдын аты дебесең,
Чалкуйрукту миниңиз.
Ач айкырык, туу болсо,
Асман жарган чуу болсо,
Чындап кырсык урбаса,
Балаа курчап турбаса,
Мингенин жоого алдырбайт.
Эр Төштүктүн Чалкуйрук
Жер алдында жети жыл,



Арып-ачып жүрсө да,
Мөрөйлөшүп байге алган.
Көлөмүнө таң калган,
Басканынан чаң чыккан,
Дүбүртүнөн жан чыккан,
Көк Дөө кандын Актулпар,
Ошондон чыгып байге алган.
Айбандан мындай болбойт деп,
Мөрөйлөшкөн оңбойт деп,
Күлүк Маамыт таң калган,
Жээрен кууса секиртпей,
Кылым чайкап байге алган,
Айгай кулак тундурган,
Дууга минген Чалкуйрук,
Кырк кулак казан алууга,
Суруга кирген Чалкуйрук,
Барган жандар көп болгон,
Келген адам жок болгон,
Шорго барган Чалкуйрук,
Айбандан эстүү жаныбар,
Кыл куйруктун асылы.
Суу түбүндө казанды,
Намыз алып тиштеген,
Бул намызын алганда,
Ай туяк деп сабылган,
Сени алгыча мени алсын,
Деп ошондо Эр Төштүк,
Канатым деп жалынган.

Ооруган жүрөк басылган,
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизип,
Чалкуйрук буудан экенин,
Намыз алып билгизген.
Ал Чалкуйрук жаныбар,
Куп ошондо сыягы
Куйган темир туягы,
Так ушундай болуучу,
Чалкуйрук тулпар сыягы.

## МААНИКЕР

Көкөтайдын Мааникер
Болоттон така кактырган,
Албан түрлүү буланы
Жабуу кылып жаптырган,
Кыл куйрукка паша деп,
Көргөн адам жактырган.
Бадананы кийгизип,
Жайма көкүл, жаш Айдар,
Кабарчыга мингизип,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана жүгүрткөн.
Төмөн чөлдү жердеги,
Барган аман келбеген,
Буга берген кабарды,
Кумга койсо казаны
Куркурай чыга кайнаган.



Эт бышымча болгуча
Тамчы суусу калбаган,
Чөлгө минген Мааникер.
Тизгин кагып бураган,
Тотудай куйрук чубаган,
Токсон күндүк чөл болсо,
Токтобостон чураган.
Калк чогулуп, журт кайнап,
Адамдын баары топурап,
Өңкөй тулпар чубаган,
Чубатууда кызыгып,
Эскара сынчы сындаган;
«Деген сөзгө көн кыргыз,
Мааникерди бер кыргыз,
Ашка, тойго мингенге,
Кылтылдатып жүргөнгө,
Алтын, күмүш артууга,
Эсен ханга тартууга
Эптүү күлүк мал экен.
Мааникерди бербесең,
Андай-мындай дебеймин,
Тарткан этиң жебеймин,
Туу куйругу бир тутам,
Туура тулпар мал экен.
Минген ээсин Мааникер
Ажыратар чагы экен».
Анда кыргыз муну айтат:
«Зордугуңа көнбөймүн,

Мааникерди бербеймин,
Канаты бар тулпарды,
Кантип ыраа көрөмүн».
Бу Мааникер жарыктык
Жел кайыптан туулган,
Чуркаганы жарыктык,
Бүт дүйнөгө угулган,
Кабарчы минип аттанган,
Тулпардан, тулпар экен деп,
Эл оозуна макталган.

## АЧБУУДАН

Ал Жолойдун Ачбуудан
Түндө минсе сойлогон,
Калбыр өпкө, казан ат,
Куюндуу деген жылкы ошол,
Өлсө чөпкө тойбогон.
Талаш менен тартышта,
Жерден башын албаган,
Муну көргөн калайык,
Ачбуудан деп атаган,
Булчуңу бука белиндей,
Басыгы сырттын желиндей,
Көркөмдүгү ушундай,
Айт койгондо, зыр койгон,
Опол тоодой Ачбуудан,
Соргок Жолой мингенде,
Күндөп-түндөп жүргөндө,



Багалчагы майышкан,
Бар кабырга кайышкан,
Солбун куйрук чубаган,
Чоң соргокко чыдаган,
Ачбуудан жайы мына бул.

## МАЗМУНУ


Аккула . . . . . . . . . . 5
Сарала . . . . . . . . . . 8
Көктулпар . . . . . . . . . 12
Көкала . . . . . . . . . . 16
Көкчебич . . . . . . . . . 20
Карткүрөң . . . . . . . . . 24
Алкара . . . . . . . . . . 28
Тайбуурул . . . . . . . . 32
Тайтору . . . . . . . . . 36
Суркоён . . . . . . . . . . 40
Көкала . . . . . . . . . . 44
Чалкуйрук . . . . . . . . 48
Мааникер . . . . . . . . . 52
Ачбуудан . . . . . . . . . 56